**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш.,
К. Тыныстанов көч., 257
tel.: (312) 66-24-42
edu@mail.gov.kg
http://edu.gov.kg

Bishkek 720040,
257, K. Tynystanov St,
tel.: (312) 66-24-42
edu@mail.gov.kg
http://edu.gov.kg

720040, г.Бишкек,
ул. К. Тыныстанова, 257
tel.: (312) 66-24-42
edu@mail.gov.kg
http://edu.gov.kg

____________ № ________

24.09.2026-ж. № 29-11818

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Д.Б. Бекешевге**

**Урматтуу Дастан Далабайевич,**

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги (мындан ары – Министрлик) мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы балдардын тамактануусун уюштуруу, тарбиячылардын иш кагаздары, ошондой эле медициналык кызматкерлердин статусу жана эмгек акысы боюнча көтөрүлгөн маселелерге байланыштуу төмөнкүлөрдү билдирет.

**1. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдардын тамактануусун уюштуруу боюнча:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 15-майындагы № 257 “Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын айрым маселелери жөнүндө” токтому менен мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын ишин, анын ичинде балдардын тамактануусун уюштурууну жөнгө салуучу тиешелүү актылар бекитилген.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтому менен мектепке чейинки билим берүү уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар белгиленген.

Балдардын рациону алардын жаш курагына ылайык физиологиялык керектөөлөрүн, тамак-аштын азыктык жана энергетикалык баалуулугун, ошондой эле санитардык-эпидемиологиялык талаптарды эске алуу менен

түзүлөт. Шекерди, анын ичинде кашаларга, компотторго жана башка тамак-аштарга кошулуучу шекердин өлчөмүн аныктоодо да көрсөтүлгөн талаптар жана балдардын жаш курактык физиологиялык керектөөлөрү эске алынат.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан түзүлгөн жумушчу топ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 "Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген "Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын түзүлүшүнө, аларды күтүүгө жана иштөө режимин уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча иш алып барууда.

Аталган иштин алкагында балдардын тамактануусунда кошулган шекерди азайтуу жана рационду туура тамактануунун талаптарына ылайыкташтыруу боюнча Сиздин сунуштарыңыз эске алынып, каралууда.

**2. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларынын иш кагаздары боюнча:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 15-майындагы № 257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу" мамлекеттик билим берүү стандарты мектепке чейинки билим берүүнүн мазмунуна, балдарды өнүктүрүүгө жана билим берүү процессин уюштурууга карата негизги талаптарды аныктайт.

Тарбиячылар жүргүзүүчү календардык пландаштыруу жана балдардын өнүгүүсүнө мониторинг жүргүзүү билим берүү процессин пландаштыруунун жана баланын өнүгүү динамикасын баалоонун курамдык бөлүгү болуп саналат.

Тарбиячылардын иш кагаздарынын көлөмү мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө белгиленген талаптардын чегинде аныкталат, ал эми негизги иш убактысы балдарды тарбиялоого, өнүктүрүүгө жана билим берүү процессин уюштурууга багытталат.

**3. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында иштеген медициналык айымдардын эмгек акысы боюнча:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2026-жылдын 17-июнундагы жыйынында көтөрүлгөн маселе жана № П212-VIII протоколдук тапшырма эске алынып, Министрлик 2026-жылдын 13-июлундагы № 05-2/3379 каты менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине мектепке чейинки билим берүү уюмдарында иштеген медициналык айымдардын кызматтык статусун жана эмгек акы төлөө шарттарын кайра карап чыгуу боюнча сунуш киргизген.

Атап айтканда, мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы медициналык айымдарга төлөнүүчү айына 5 000 сом өлчөмүндөгү президенттик компенсацияны саламаттык сактоо уюмдарындагы медициналык айымдарга төлөнүүчү 15 000 сомго чейин көбөйтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 25-апрелиндеги № 286 "Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары

жөнүндө" токтомуна тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталган. Республика боюнча мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы медициналык айымдардын жалпы саны 912,85 штаттык бирдикти түзөт. Компенсацияны кошумча 10 000 сомго көбөйтүү үчүн бир жылга 109 542,0 миң сом кошумча каражат талап кылынары эсептелген.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2026-жылдын 15-июлундагы № 28-2/11643 каты менен сунушту карап чыгып, аны колдоо мүмкүн эместигин билдирген. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматына ылайык, саламаттык сактоо уюмдарындагы жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы медициналык айымдардын иш шарттары, иш жүктөмү жана кызматтык макамы айырмаланат. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы медициналык айымдардын ишмердүүлүгү негизинен профилактикалык-санитардык мүнөзгө ээ, ал эми алардын штаттык бирдиктери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 токтомуна ылайык белгиленет.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 26-мартындагы № 121 Жарлыгына ылайык мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын медициналык айымдарынын кызматтык маянасын эсептөөдө колдонулуучу эселөө коэффициенти саламаттык сактоо системасындагы медициналык айымдардын коэффициенти менен 2,75 өлчөмүндө теңделип, аларга ай сайын 5 000 сом өлчөмүндө президенттик компенсациялык төлөм белгиленген. Аталган чара алардын эмгек акысын 75 %га чейин жогорулатууга шарт түзгөн.

Финансы министрлигинин маалыматына ылайык, компенсацияны 15 000 сомго чейин көбөйтүү мамлекеттик бюджетте каралбаган кошумча чыгымдарды талап кылат жана техникалык тейлөөчү персоналдын башка кызмат орундары боюнча да кошумча чыгымдарга алып келиши мүмкүн. Ушул жагдайларды эске алуу менен медициналык айымдардын президенттик компенсациясын көбөйтүү боюнча сунуш колдоо тапкан эмес.

**Тиркеме:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2026-жылдын 15-июлундагы № 28-2/11643 каты – 3 баракта, 1 нускада.
2. Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин 2026-жылдын 30-сентябрындагы № 05-1/2109 каты – 2 баракта, 1 нускада.

**Урматтоо менен,**

**Министрдин биринчи орун басары** **М.А. Баймурзаев**

Аткаруучу:
М.Р. Рахматильдеев,
МБББ, 0 (312) 62-05-08

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Баймурзаев М.А., 02.10.2026